# Окуучулардын билим сапаты боюнча 5 жылдын салыштырмалуу мониторинг.

Чыныгы мугалим кандай шартта иштебесин, ар убакта өз сабагынын патриоту катары терең билимдүү, жогорку маданияттуу, өз билгендерин окуучуларга жеткиликтүү тил менен жеткире алган устат болуп эсептелинет.Мугалим өз алдынча талыкпай окуп, алдыңкы мугалимдердин иш тажрыйбасын үйрөнүп, жаңылыктар менен дайыма кабардар болуп , жаңы усулдарды чыгармачылык менен колдоно билүү, изденүү, анализдөө, сабактарда интерактивдүү усулдарды тандоо жана сабакка заманбап технологияларды колдонуу, тесттин түрлөрү менен иштөө, натыйжалуу иштөө ар бир мугалимдин милдети болуп саналат. Өсүп келе жаткан муундарды татыктуу тарбиялоо маселеси узак мөөнөттүү келечекке эсептелген стратегиялык маанидеги эң зарыл милдет болуп саналат. Стратегиялык планды иштеп чыгуу үчүн төмөндөгүдөй милдеттерди кабыл алганбыз.

1.Пегогикалык жааматтын кесиптик денгээлин өнүктүрүү.

2.Алдыңкы иш тажрыйба алкагында мугалимдер, анын ичинен жаш мугалимдер үчүн усулдук жардам уюштуруу.

3.Сапаттуу билим берүүнүн неигизи катары окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.

4. Класстан тышкаркы тарбиялык иштерди  ар тараптан өнүктүрүүгө окуучулардын толук тартылышын камсыздоо.

5.Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу максатында материалдык техникалык базаны чыңдоо.

Бул стратегиялык планды ишке ашырууда чыгармачылык мугалимдердин тобу түзүлүп, инновация багытындагы иш план иштелип чыккан. Жаңы типтеги сабактардын иштелмелерин

иштеп чыгып, интерактивдүү ыкмаларды колдонуп, SMART доска менен сабактарды өтүп жатышат. «Инновациялык мектеп алкагында» 2019-2020-жылдан бери чыгармачыл мугалимдердин усулдук бирикмесинин тобу иштейт. Бул усулдук бирикменин максаты жаңы инновациялык усулдарды сабактарга колдонуу жана тажрыйбалуу мугалимдердин иш тажрыйбаларын жайылтуу, жаш мугалимдерге методикалык жардам берүү болуп эсептелет. Андан сырткары тестин түрлөрүн компьютер менен алуу, мисалы, Googl сервистери, платформалары (test pad?, Googl test, kahoot) колдонуп тест алышып, крассворд түздүрүп ж.б. логикалык тапшырмаларды окуучулар менен бирдикте иштешүүдө. Сабактарда формативдик, суммативдик тесттерди алышууда. Ошондой эле кайтарым байланышты түзүп, окуучулардын үзгүлтүксүз окуп үйрөнүүсүнө түрткү бере турган баалоонун усулдарын жана сабактын максатын окуучуландын позициясынан коюп сабактарды өтүп жатышат.

Окуучулардын билим сапатына анализ жүргүзүүдө өзгөрүүлөр жүрүп жатабы, окуучунун билим сапаты жогоруладыбы же төмөндөп жатабы деген маселенин негизинде салыштырма анализ төмөндөгүдөй критерийлер боюнча жүргүзүлдү.


Билим сапаты.

1. Отличниктер
2. Ударниктер
3. Жетишүү
4. Катышуу
5. Жетишпеген окуучулар
6. Бир чейректин ичиндеги алынган тесттердин текстүү отчеттордун анализи.

Билим сапаты өзгөрүлүп турат.Мектептеги окуу-тарбия иштерин жакшыртуу максатында , окуучулардын билим сапатын көтөрүү багытында окуучулардын предметтерди

өздөштүрүүсүнүн сапаты чейректер боюнча аныкталып турат жана чейректик билим сапатын аныктоочу контролдук иштерге текстик отчеттор жазылат.

| Жылдар | 1-4-класстар | 5-9-класстар | 10-11-класстар | Жалпы билим сапаты |
|---|---|---|---|---|
| 2017-2018-окуу жылы | 52% | 38% | 36% | 42% |
| 2018-2019-окуу жылы | 49% | 35% | 32% | 39% |
| 2019-2020-окуу жылы | 45% | 40% | 35% | 43% |
| 2020-2021-окуу жылы | 46% | 38% | 53% | 46% |
| 2021-2022-окуу жылы | 44% | 35% | 46% | 42% |
| Ортočо билим сапаты | 48% | 37% | 40% | 42% |



Салыштырмалуу мониторингдин жыйынтыгында биринчи баскычтагы 1-4 -класстын окуучуларынын билим сапаты жогору экендиги белгиленди. Бирок 5-жылдыктын акыркы жылдарында биринчи баскычта билим сапаты төмөндөгөн. Бул акыркы жылдарда болгон өлкөдөгү кырдаалдан онлайн окутуу шарты менен түшүндүрүлөт. Ортонку жана жогорку баскычтагы 5-9-класстардын билим сапатынын өйдө-ылдый болушу мугалимдердин дагы да болсо, изденип эмгектенүүсүн, үзгүлтүксүз заманбап билим алуусун жана окуучулар менен жекече иштөөсүн милдеттендирет.

Мектеп директору Муратова Н.Б